**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №17 көп мандаттуу шайлоо округунан талапкер Н.А. Азыгалиевден
Телефон: [redacted]

**жалган жана каралоочу маалыматты таратуу боюнча**

**АРЫЗ**

Урматтуу Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын мүчөлөрү! Азыркы учурда Instagram социалдык тармагындагы «biz_vmeste» аттуу коомдук бирикменин баракчасында менин атымды уюшкан кылмыштуу топтор менен байланыштырып көрсөткөн, эч кандай далилсиз жана негизсиз, атайын монтаждалган видео жайылтылганын билдирем.

Бул видеодо түздөн-түз каралоо, негативдүү ассоциациялар жана элди адаштыруучу билдирүүлөр бар. Бул аракеттер мыйзамсыз агитацияга жана менин аброюма шек келтирүүгө багытталган.

Мындай аракеттерде **Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин** төмөнкү укук бузуу белгилери бар:

1) **66-берене. Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалыматтарды жайылтуу.**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысына же кадыр-баркына шек келтирген маалыматтарды билип туруп жайылтуу, –

2) **67-берене. Талапкердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу.**

Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыялангандa чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу, –

Учурдагы мыйзамдарга ылайык, бул беренелер боюнча иштерди кароо Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укугуна кирет.

Жалган жана каралоочу материалдарды таратуу шайлоо процессинин ачык-айкындуулугуна доо кетирет, добуш берүүчүлөрдү адаштырат жана талапкердин аброюна зыян келтирет.

**Ошондуктан Сиздерден төмөнкүлөрдү суранам:**

1. Instagram социалдык тармагындагы «biz_vmeste» баракчасына жайгаштырылган видеону жана аны даярдаган адамдардын аракеттерин текшерүү.
2. Талапкерди каралоого багытталган жалган маалыматка укуктук баа берүү.
3. Эгерде укук бузуу аныкталса — Кодекстин 66–67-беренелерине ылайык чара көрүү.
4. Мындан ары ушундай мыйзамсыз материалдарды жайылтууга жол бербөө боюнча тиешелүү чараларды көрүү.

Кошумча маалымат же материалдар талап кылынса, берүүгө даярмын.

Кыргыз Республикасынын
Жогорку Кеңешинин
депутаттыгына №17 көп мандаттуу
шайлоо округунан талапкер Н.А. Азыгалиев

15.11.2025-ж.